**БИжМЭ кафедрасындагы мобилдүүлүк боюнча маалыматтар.**

“Бизнес информатика жана маалыматтык экономика” кафедрасындагы окутуучулар менен студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча эки тараптуу макулдашуулардын жана келишимдердин алкагында академиялык мобилдүүлүк программасы Ош Технологиялык университети менен башка жогорку окуу жайларынын ортосунда атайын академиялык алмашуу программаларынын негизинде ишке ашырылат.

Кафедранын профессору А.М.Ташбаев эл аралык гранттар тарабынан каржыланган ИИИ аткаруунун алкагында Erasmus+ MIND – Management – Innovation - Development екти боюнча 2019-жылдын 9-10- январында Самарканд айыл чарба институтунда проекттин натыйжаларын талкулоо жана эл аралык кызматташтыкты терендетүү боюнча финалдык иш чараларга катышып келди. Мобилдүүлүк учурунда Самарканд малекеттик университетинде, Самарканд ветеринардык медицина институтунда окутуучулар жана студенттер менен жолугушуулар өткөрүлдү.




Окутуучулардын мобилдүүлүгүнун алкагында 2021-жылдын декабрь айында Өзбекстандын Наманган инженердик курулуш институтунда, фергана политехникалык институтунда окутуучу-профессордук курамдар менен кездешүүлөр өткөрүлүп, биргелешкен иш чаралар өткөрүүнүн пландары талкуунып,студенттерге лекциялар өткөрүлгөн.

2021-жылдын 20-22- апрель күндөрү кафедранын профессору ф-м.и.к. А.Ж.Артыков окутуучулар жана студенттер арасында мобилдүүлүктү жолго коюу макстаныда Россия Фререрациясынын Екатеринбург шаарындагы Урал Мамлекеттик Экономикалык университетинде болуп келген. Ушул эле жылдын ноябрь айында кафедрадагы ф-м.и.к. Ж.Ш.Орозмаматова Өзбекстан республикасынын Фергана шаарындагы Фергана Политехникалык институтунда атайын студенттик мобилдүүлүктү жандандыруу максатында окуу жайдын жетекчилиги менен жолугушууларды өткөрүп келеген.

Студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн ишке ашыруу максатында биздин факультеттен 2017-жылы ПИвЭ-14 тайпасынын студенттери Эргешова Уркуя жана Валиназарова Айчурок Корея республикасынын Жонжу шаарындагы Жонбук улуттук университетиндеги “Эл аралык тил” факультетинде 1 жыл окуп келишкен.




2018-жылы Россия Ферерациясынын Екатеринбург шаарындагы Урал Мамлекеттик Экономикалык университетинде ПИвЭ-16 тайпасынын студенттери Минбаева Тахмина жана Нурбек кызы Раксана бир семестр академиялык мобилдүүлүк боюнча ийгиликтүү окуп келишти.





Ал эми 2019-жылы ошол эле Россия Ферерациясынын Екатеринбург шаарындагы Урал Мамлекеттик Экономикалык университетинде БИ-1-18 тайпасынын студенттери Нурбек уулу Таласбек жана Исмоилов Абдуманноп 2019-2020 окуу жылынын күзгү семестрин толугу менен академиялык мобилдүүлүк боюнча ийгиликтүү окуп келишти.

2022-жылдын октябрь айында БИ-1-19 тайпасынын студентти Эркинбек кызы жана БИ-1-21 тайпасынын студентти Эсенбаев Саидмуктар Өзбекстан республикасынын Фергана шаарындагы Фергана Политехникалык институтунда атайын студенттик мобилдүүлүк боюнча болуп келишти.







Алдыда кафедрадагы окутуучулар менен студенттерге мобилдүүлүктү жандандыруу боюнча көптөгөн иш чаралар уюштуруу пландаштырылууда.

**БИжМЭ кафедрасынын жетишкендиктери боюча маалымат.**

1. 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча ОшТУда “Жылдын мыкты илимий изилдөөчүсү” номинациясынын жеңичүүсү - кафедранын профессору А.М. Ташбаев.
2. 2022-жылы кафедранын профессору А.М. Ташбаев Россиялык Табият таануу апкадемиясынын (РАЕ) анык мүчөсү (академиги) болуп шайланды, 2022-жылы 25-ноябрда РАЕнин академигинин №11021 дипломy берилди.
3. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча ОшТУда “Жылдын мыкты илимий изилдөөчүсү” номинациясынын жеңичүүсү - кафедранын профессору А.М. Ташбаев.
4. 2022-жылы Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата кафедранын окутуучусу Талантбек уулу тариел ОшТУнун ардак грамотасы менен сыйланды..
5.